Тиркеме

**Кыргыз Республикасынын жашыл таксономиясы – жалпы улуттук пилоттук классификатору**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын жашыл таксономиясы (мындан ары – Таксономия) Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү стратегиясы катары жашыл экономиканын концептинин түзүмүндөгү негизги таянычтардын бири болуп саналат. Таксономияны киргизүү менен жабдуулардын, товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн, технологиялардын, ошондой эле долбоорлордун классификатору расмий түрдө пайда болот, алар экономиканы декарбонизациялоо максаттарына жетүүгө алардын кошкон салымы боюнча климаттык нейтралдуу, энергиялык натыйжалуу жана ресурстарды үнөмдөөчү касиеттерге ээ жашыл товарлар, жабдуулар, технологиялар, кызмат көрсөтүүлөр жана долбоорлор катары идентификацияланат.

2. Таксономия бир нече негизги багыттар боюнча белгилүү жана өзгөчө максаттарга жетүүгө багытталган универсалдуу инструмент болуп саналат, тактап айтканда:

1) коммерциялык кредиттик-финансылык институттардын портфелинде жашыл финансылык инструменттердин жана жашыл кредиттик продукттардын үлүшүн көбөйтүү менен аларды чыгаруу мүмкүндүгү;

2) климаттык жана жашыл каржылоо аркылуу туруктуу каржылоо түрүндөгү кошумча капитал булактарын тартуу;

3) жашыл адалдоонун алдын алуу;

4) туруктуу жана жашыл мамлекеттик сатып алуулардын үлүшүн өстүрүү;

5) атаандаштык жана адекваттуу баа түзүү аркылуу калктын жашыл технологияларды колдонууга өтүү жөндөмдүүлүгүн жакшыртуу;

6) рынокту акырындык менен жашыл өнүгүүнүн кыйла туруктуу циклине трансформациялоо.

3. Таксономия техникалык критерийлерге шайкеш келүүсү боюнча долбоорлордун, технологиялардын, иштин, жабдуулардын жана товарлардын жалпы улуттук классификатору болуп саналат, алар төмөнкү талаптарга жооп берет:

1) экономиканы декарбонизациялоонун улуттук максаттары;

2) кыйыр же түздөн түз энергиялык натыйжалуу же энергияны үнөмдөөчү же ресурстарды үнөмдөөчү касиеттерди ишке ашырууга мүмкүндүк берген бул касиеттердин болушу;

3) парник газдарын бөлүп чыгарууну азайтуу мүмкүндүгү;

4) энергияны кайра жаралуучу булактардан керектөө үчүн көнүмүш болгон энергиянын түрлөрүнө айландыруу;

5) айлана чөйрөгө бөлүнүп чыгуучу зыяндуу заттардын санын азайтуу;

6) парник газдарын бөлүп чыгарууну азайтууга түздөн-түз тиешеси жок, бирок Бириккен Улуттар Уюмунун Туруктуу өнүктүрүүнүн тиешелүү максаттарын колдогон секторлордо Бириккен Улуттар Уюмунун Туруктуу өнүктүрүү максаттарына жетүү;

7) климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерине адаптация болуу.

4. Таксономия пилоттук болуп саналат. Мындан ары товарлардын, иштин, тармактардын тизмеси кеңеет. Таксономияга кирген тармактар жана категориялар экономиканын реалдуу секторунда кыйла потенциалдуу суроо-талапка, ошондой эле калктын жашоо-турмушунун сапатын жакшыртуу жана айлана-чөйрөнү булганышын азайтуу контексинде мамлекет үчүн стратегиялык мааниге ээ.

5. Таксономияда төмөнкү терминдер жана түшүнүктөр колдонулат:

1) **тармак** – Таксономияны классификациялоонун жогорку категориясы, ал экономиканын секторуна же тематикалык ишке ылайык чакан категориялардын логикалык топторун билдирет;

2) **категория** – ишти классификациялоонун экинчи деңгээли, ал деталдуу экономикалык же технологиялык параметрлерге ылайык чакан топторду түзөт. Категориялар эл аралык таксономиянын категорияларынын талаптарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук базасынын учурдагы юридикалык аныктамаларына ылайык унификацияланган;

3) **технология** – классификациялоонун үчүнчү деңгээли, ал физикалык, химиялык жана биологиялык процесстердин же иштин негизги функциялык түшүнүктөрүнүн негизинде жашыл ишти баяндайт;

4) **функциялык топ** – технологиянын кошумча нарк чынжырчасындагы иш;

5) **компонент** – товардын, жабдуунун же иштин жана технологиянын өзгөчөлүгү;

6) **критерийлер** – Таксономияга шайкештик үчүн техникалык талаптар;

7) **тактоолор** – критерийлерди натыйжалуу колдонуу үчүн зарыл болгон деталдар;

8) **долбоордун параметрлери** – социалдык жана экологиялык тобокелдиктерди контролдоо же тышкы баалоо боюнча зарыл болгон талаптар;

9) **салыктык статус** – иштин/технологиянын же товарлардын/жабдуулардын конкреттүү түрүнө берилүүчү салыктык преференциялар;

10) **Таксономиянын колдонуучулары** – Кыргыз Республикасында резидент статусуна байланышы жок жеке же юридикалык жактар, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдары же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;

11) **инвестициялар** – “Кыргыз Республикасында инвестициялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесиндеги аныктамага ылайык;

12) **жашыл иш** – Таксономиянын максаттарын жана критерийлерин канааттандырган экономикалык иш же технология;

13) **жашыл товарлар** – төмөн көмүртектүү, энергиялык натыйжалуу, энергияны үнөмдөөчү же ресурсту үнөмдөөчү сапаттарга ээ болгон товарлар/жабдуулар, ошондой эле Таксономиянын максаттарын жана критерийлерин канааттандырган экономикалык ишти жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берүүчү товарлар жана жабдуулар;

14) **жашыл долбоор** – бирдиктүү инвестициялык ишке бириктирилген, так башталышы жана аякташы бар иш-чаралардын жыйындысы, мында жеке иш-чаралар же жалпы максат Таксономиянын талаптарына ылайык келет;

15) **жашыл каржылоо** – Таксономиянын талаптарына ылайык келген ишке, долбоорлорго же активдерге инвестициялар, ошондой эле биотүрдүүлүктү коргоону же өнүктүрүүнү каржылоону кошкондо, өзүнө климаттык, көгүлтүр жана экологиялык каржылоону камтыган эл аралык термин;

16) **көгүлтүр каржылоо** – сууну керектөөнү азайтууга, суунун сапатын жакшыртууга жана суу ресурстарын, анын ичинен аквакультураны башкарууга, жер үстүндөгү же жер астындагы сууларды булгоочу заттарды бөлүп чыгарууну азайтууга мүмкүндүк берүүчү жана/же № 6 ТӨМ жетүүгө жардам берген ишке, долбоорлорго же активдерге инвестициялар;

17) **экологиялык каржылоо** – айлана-чөйрөнүн булганышын, ошондой эле экология үчүн парник газдары болуп саналбаган зыяндуу заттарды бөлүп чыгарууну азайтууга мүмкүндүк берүүчү ишке, долбоорлорго же активдерге инвестициялар;

18) **климаттык каржылоо** – парник газдарын бөлүп чыгарууну азайтууга же/жана климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоого багытталган активдерди жана/же долбоорлорду каржылоону өзүнө камтыган эл аралык термин;

19) **туруктуу каржылоо** – өзүнө жашыл жана социалдык каржылоону камтыган эл аралык термин;

20) **кредит** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана эл аралык банк практикасында жалпы кабыл алынган маанилерге ылайык;

21) **жашыл кредит** – жашыл каржылоо максаттарын каржылоо үчүн берилген кредит;

22) **финансылык инструмент** – "Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесиндеги аныктамага ылайык;

23) **жашыл актив** – мүнөздөмөлөрү Таксономиянын талаптарын канааттандырган физикалык кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк;

24) **жашыл финансылык инструмент** – каражаттарды максаттуу пайдалануу жашыл каржылоонун максаттарына гана багытталган финансылык инструмент;

25) **жашыл облигация** – каражаттарды максаттуу пайдалануу жашыл каржылоонун максаттарына гана багытталган финансылык инструмент;

26) **баалоочу** – өзүнүн квалификациясын ырастаган жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган тартипте Таксономияга шайкештик документин же көз карандысыз баалоочунун пикирин киргизүүгө уруксат алган жеке же юридикалык жак. Баалоочулар институту түзүлгөн учурга чейин эл аралык таанылган уюмдар долбоорлордун Таксономияга шайкештигин баалоону жүзөгө ашыра алат;

27) **көз карандысыз баалоочунун пикири** – долбоордун Таксономиянын талаптарына шайкештигин баалоо, эл аралык практикада "экинчи тараптын пикири/ Second Party Opinion" деп аталат;

28) **шайкештик документи** – Кыргыз Республикасындагы жашыл экономика боюнча ыйгарым укуктуу органдын талаптарына ылайык таризделген, Таксономиянын талаптарына шайкештикти ырастаган физикалык же электрондук документ;

29) **кошумча нарк салыгы (КНС)** – Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 252-беренесине ылайык;

30) **бажы аймагы** – "Бажылык жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесине ылайык;

31) **чет өлкөлүк товар** – "Бажылык жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык;

32) **жабдуу** – Таксономиянын талаптарын канааттандырган буюм же товар;

33) **технологияларды жеткирүү** – Таксономиянын максаттарына жетүүгө мүмкүндүк берүүчү кызматтарды көрсөтүү жана башка интеллектуалдык менчикти берүү;

34) **ишкердик субъекттери** – “Ишкерлердин укуктарын коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесине ылайык;

35) **GHG Protocol** – парник газдарын бөлүп чыгаруу боюнча отчеттулукту түзүүнүн эл аралык стандарттарынын сериясы. Стандарттын текстери https://ghgprotocol.org шилтемесинде жеткиликтүү. Стандартты колдонуу контекстинде маалымдама маалыматтары катары төмөнкү түшүнүктөр колдонулат, алардын так аныктамасы стандарттарга ылайык болушу керек;

36) **1-камтуу** – булактардан чыккан парник газдарынын бөлүп чыгаруулары түздөн-түз контролго алынат;

37) **2-камтуу** – тармактык энергия булактарын керектөөдөн парник газдарынын бөлүп чыгаруулары;

38) **3-камтуу** – кошумча нарктын чынжырчасында парник газдарынын бөлүп чыгаруулары;

39) **3-камтуу, 15-категория** – инвестициялык иштен парник газдарынын бөлүп чыгаруулары;

40) **бөлүп чыгаруулардын коэффициенти** – казылып алынган отундун же тармактагы энергия алып жүрүүчүлөрдүн (электр энергиясынын, жылуулук энергиясынын) же экономикалык иштин башка көрсөткүчтөрүнүн товардык санын керектөөдө парник газдарынын бөлүп чыгаруулардын санын баалоого мүмкүндүк берүүчү санариптик маани;

41) **парник коэффициенти –** “Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы мамлекеттик жөнгө салуу жана саясат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесиндеги “парник газдарынын сан-эсебин кайра алуунун коэффициенттери” терминининин аныктамасына ылайык жана тактоо менен, жогоруда аталган Мыйзамдын алкагында парник коэффициенти бул – 100 жыл убакытка х кг $CO_2$ бөлүп чыгарууларынан парник таасирине бирдей болгон, ошол эле убакытка 1 кг парник газын бөлүп чыгаруудан атмосферадагы парник таасиринин бирдейлиги;

42) **$CO_2$e** – $CO_2$ бөлүп чыгарууларынын, ошондой эле $CH_4$ жана $N_2O$ бөлүп чыгарууларынын саны кошулган бөлүп чыгаруулардын коэффициенти, $CO_2$ эквиваленти;

43) **ТӨМ** – Бириккен Улуттар Уюмунун аныктамасындагы Бириккен Улуттар Уюмунун туруктуу өнүгүү максаттары;

44) **“зыяндуулукту алдын алуу” принциби** – эл аралык таанылган жашыл каржылоо принциби, мында климаттын өзгөрүшү менен байланышкан күрөшүүгө же климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуусуна багытталган интервенциялар процессинде айлана чөйрөгө жана коомго кыйыр терс таасирин тийгизүүдөн качууга милдеттендирет;

45) **экологиялык жана социалдык тобокелдиктер** – экономикалык ишке байланыштуу, алардын ишке ашуусу айлана-чөйрөгө, калктын саламаттыгына зыян келтириши мүмкүн болгон жана зыяндуулукту алдын алуу принцибин бузган тобокелдиктер;

46) **ЭИМК** – Кыргыз Республикасынын Экономикалык иштин түрлөрү боюнча мамлекеттик классификатору;

47) **ПМСК** – Продукциялардын (товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн) мамлекеттик статистикалык классификатору.

## 2-глава. Документтин улуттук контексти

6. Таксономия Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2050-жылга чейин көмүртектин нейтралдуулугуна жетүү максатындагы саясатын ишке ашыруу үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдерин, Кыргыз Республикасынын Салык кодексин ишке ашыруу үчүн негизги документ болуп саналат.

7. Таксономия Кыргыз Республикасынын төмөнкү ченемдик укуктук актыларын жана эл аралык келишимдерин эске алуу менен түзүлдү:

– Кыргыз Республикасынын Салык кодекси;

– Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси;

– Кыргыз Республикасынын Суу кодекси;

– "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы;

– "Бажылык жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

– "Кыргыз Республикасында инвестициялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

– "Энергиянын кайра жаралуучу булактары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

– "Энергияны үнөмдөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

– "Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

– "Ишкерлердин укуктарын коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

– "2015-жылдын 12-декабрында Париж шаарында кол коюлган Климаттын өзгөрүүсү жөнүндө Бириккен Улуттар Уюмунун Алкактык конвенциясы боюнча Париж макулдашуусун ратификациялоо тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

– "Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы мамлекеттик жөнгө салуу жана саясат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

– “Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

– “Атмосфералык абаны коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

– “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 15-январындагы № 9 “Кооптуу калдыктардын классификаторун жана калдыктардын кооптуулук классын аныктоо боюнча методикалык сунуштарды бекитүү жөнүндө” токтому;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 11-январындагы № 9 “Кыргыз Республикасынын “Экономикалык иштин түрлөрү” мамлекеттик классификаторун бекитүү жөнүндө” токтому;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-октябрындагы № 503 “Инвестициялык долбоорлордун ишинин артыкчылыктуу түрлөрүн (экономика секторлорун) белгилөө жөнүндө” токтому;

– ГК 017-2015 продукцияларынын (товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн) мамлекеттик статистикалык классификатору, 3-версиясы жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы башка ченемдик укуктук актылары.

## 3-глава. Документтин эл аралык контексти

8. Таксономиянын негизги функцияларынын бири эл аралык инвестицияларды тартуу үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүү болуп саналат. Таксономиянын принциптери жана классификациялары туруктуу каржылоо чөйрөсүндөгү эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен иштелип чыккан, анткени Таксономияда так шайкештик критерийлери бар, бул белгисиздик тобокелдигин төмөндөтөт жана административдик чыгымдарды азайтууга же бул процессти автоматташтырууга мүмкүндүк берет.

9. Таксономиянын негизги категориялары төмөнкү эл аралык таксономияларга жана практикаларга шайкеш келет:

– Жашыл облигациялардын Капитал рынокторунун эл аралык ассоциациясынын дал келүү принциптери (International Capital Markets Association’s Green Bond Principles) (https://www.icmagroup.org/sustainable-finance/the-principles-guidelines-and-handbooks/green-bond-principles-gbp/);

– Жашыл облигациялардын дал келүү принциптерине негизделген Кредиттик рыноктор ассоциациясынын жашыл кредиттик дал келүү принциптери (https://www.lsta.org/content/green-loan-principles/);

– Жашыл облигация демилгеси тарабынан иштелип чыккан Жашыл облигация таксономиясы (Climate Bond Taxonomy developed by Climate Bonds Initiative) (https://www.climatebonds.net/standard/taxonomy);

– Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюмунун Эл аралык жардамдын климаттык маркерлери (OECD DAC Rio Markers for Climate) (https://www.oecd.org/dac/environment development/Revised%20climate%20marker%20handbook_FINAL.pdf);

– Эл аралык өнүктүрүү банктарынын тобу менен макулдашылган парник газдарынын эмиссиясын кыскартуу контекстинде каржылоону эсепке алуунун жалпы эрежелери (Multilateral Development Bank's Common Principles for Climate Mitigation Finance Tracking);

– Европа Бирлигинин туруктуу иш боюнча таксономиясы (https://ec.europa.eu/sustainable-finance-taxonomy/taxonomy-compass).

10. Шайкештиктин критерийлерин иштеп чыгууда эл аралык техникалык ченемдик укуктук база, анын ичинде Кыргыз Республикасына товарларды жеткирүү чынжырчасына колдонулушу мүмкүн болгон эл аралык стандарттар эске алынды.

11. Маалымат үчүн Европа Бирлигинин Стандарттык номенклатурасынын ТЭИ ТН аналогдору (CN EU) жана (NACE 2.1.) берилген.

1-таблица. Таксономиянын негизги категорияларынын башка эл аралык таксономияларга жана ТӨМ менен шайкештиги.

| № | Категория | Технология | GBP | CBI | MDB | EU | ТӨМ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кайра жаралуучу энергетика | Күн энергиясын электр энергиясына айлантуу | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 3, 7, 9, 13 |
| | | Күн энергиясын жылуулукка айлантуу | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 3, 7, 9, 13 |
| | | Шамалдын кинетикалык энергиясын электр энергиясына айлантуу | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 3, 7, 9, 13 |
| | | Суунун механикалык энергиясын электр энергиясына айлантуу | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 3, 7, 9, 13 |
| | | Жылуулук энергиясын бир чөйрөдөн башка чөйрөгө которуу | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 3, 7, 9, 13 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Электр энергиясын берүү | | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 7 |
| 3 | Электр энергиясын сактоо | Энергияны сактоо максатында электр энергиясын механикалык кинетикалык энергияга жана тескерисинче айлантуу | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 3, 7, 9, 13 |
| | | Электр энергиясын сактоо | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 3, 7, 9, 13 |
| | | Электр энергиясын механикалык кинетикалык энергияга айлантуу жана тескерисинче | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 3, 7, 9, 13 |
| 4 | Электр энергиясын суутекке айлантуу | | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 9 |
| 5 | Жеке транспорт | Жөө жүргүнчүлөр инфраструктурасы | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 3, 5, 9, 10, 11, 13 |
| | | Моторсуз транспорт жана микроэлектр транспорту үчүн инфраструктура | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 3, 5, 9, 10, 11, 13 |
| | | Моторсуз транспорт | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 3, 5, 9, 10, 11, 13 |
| | | Микроэлектр транспорту, электр мопеддер жана электр мотоциклдери | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 5, 9, 10, 11, 13 |
| | | Электромобилдер | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 9, 13 |
| | | Электр транспортунун кубаттоочу инфраструктурасы | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 9, 13 |
| 6 | Коммерциялык транспорт | Электромобилдер | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 9, 13 |
| 7 | Коомдук транспорт | Коомдук транспорттун инфраструктурасы | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 5, 9, 10, 11, 13 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Коомдук транспорттун кызмат көрсөтүүлөрү | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 5, 9, 10, 11, 13 |
| | | Темир жол транспорту | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 5, 9, 10, 11, 13 |
| 8 | Кыймылсыз мүлк объектилеринин энергия натыйжалуулугу | Сертификацияланган жашыл имараттар | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 7, 8, 9, 10, 11, 13 |
| | | Учурдагы имараттардын, батирлердин жана конструкциялардын энергия керектөөлөрүн кыскартуу | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 7, 8, 9, 10, 11, 13 |
| | | Жылуулук өткөргүчү төмөн курулуш материалдары | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 9 |
| | | Энергияны үнөмдөөчү чечимдер | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 9, 12, 13 |
| | | Энергиясы натыйжалуу тиричилик техникасы | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 9, 12, 13 |
| 9 | Өнөр жайында жана айыл чарбасында энергиянын натыйжалуулугу | Өндүрүш процесстерин оптималдаштыруу | | | ✓ | ✓ | 9 |
| | | Өндүрүш базасын жакшыртуу | | ✓ | ✓ | ✓ | 9, 12, 13 |
| | | Жылуулукту кайрадан пайдалануу | | ✓ | ✓ | ✓ | 12, 13 |
| 10 | КТК башкаруу | Тиричилик калдыктарын өзүнчө жыйноо | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 11, 12 |
| | | Тиричилик калдыктарын утилдештирүү | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 11, 12 |
| 11 | Курулуш калдыктары | Курулуш калдыктарын утилдештирүү | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 12 |
| 12 | Өнөр жай жана коммерциялык калдыктар | Металлдарды кайра иштетүү | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 12 |
| 13 | Айыл чарба калдыктары | Биоотунду өндүрүү | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 12, 13 |
| 14 | Ичүүчү сууну казып чыгаруу, | | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 3, 6, 11 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | даярдоо жана жеткирүү | | | | | | |
| 15 | Сугаруу үчүн сууну жеткирүү | | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 2, 15 |
| 16 | Сугаруу үчүн жаандын суусун топтоо жана сактоо | | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 2, 15 |
| 17 | Агынды сууларды тазалоо | | ✓ | ✓ | ✓ | ✓ | 6, 11, 14 |
| 18 | Туруктуу айыл чарбасы | Жерди айдабай себүү | ✓ | ✓ | ✓ | | 2, 13 |
| | | Деградацияланган жерлерди калыбына келтирүү | ✓ | ✓ | ✓ | | 1, 15 |
| | | Күнөскана чарбасы | ✓ | ✓ | ✓ | | 1, 2, 5 |
| | | Аквапоника системасы | ✓ | ✓ | ✓ | | 1, 2, 5 |
| | | Агровольтаика | ✓ | ✓ | ✓ | | 2, 7, 11, 13 |
| | | Пахтаны туруктуу өстүрүү жана кайра иштетүү | ✓ | ✓ | ✓ | | 1, 5, 13 |
| | | Асылдандыруу иштери | ✓ | ✓ | ✓ | | 2, 13, 15 |
| | | Энергетикалык биомассаны өстүрүү | ✓ | ✓ | ✓ | | 1, 7, 15 |
| | | Кампа | ✓ | ✓ | ✓ | | 2, 5 |
| | | Электрлештирилген бакча инструменти | ✓ | ✓ | ✓ | | 9, 12, 13 |

Кыргыз Республикасынын Евразия экономикалык бирлигинин бирдиктүү бажы мейкиндигинде тургандыгын көңүлгө алып, Таксономияда төмөнкүдөй эл аралык классификаторлор колдонулат:

– Евразия экономикалык бирлигинин тышкы экономикалык ишинин бирдиктүү товардык номенклатурасына ылайык товарлардын классификациясы (https://eec.eaeunion.org/comission/department/dep_tamoj_zak/klassifikatsiya-tovarov-v-sootvetstvii-s-tn-ved-eaes/);

– Евразия экономикалык бирлигинин тышкы экономикалык ишинин бирдиктүү товардык номенклатурасына ылайык товарлардын классификатору (мындан ары – ТЭИ ТН) (https://eec.eaeunion.org/comission/department/catr/ett/).

## 4-глава. Колдонуучулар

12. Физикалык жактар (резиденттер жана резидент эместер) Кыргыз Республикасындагы жашоонун сапатын жакшыртууда өзүнүн инвестициялар тууралуу чечимдерин кабыл алуу үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Салык кодекси менен регламенттелүүчү фискалдык жеңилдиктерди алууга өзүнүн укуктарын ишке ашыруу үчүн Таксономиянын маалымдама таблицаларын жетекчиликке ала алышат (10-глава).

13. Юридикалык жактар (резиденттер жана резидент эместер) Кыргыз Республикасынын стратегиялык максаттарына шайкеш келген иштин түрлөрүн тандоодо жана өзүнүн инвестициялары жөнүндө чечимдерди кабыл алуу үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Салык кодекси менен регламенттелүүчү/аныкталуучу фискалдык жеңилдиктерди алууга өзүнүн укуктарын ишке ашыруу үчүн Таксономиянын маалымдама таблицаларын жетекчиликке ала алышат (10-глава).

14. Банктар, банктык эмес жана адистештирилген финансылык-кредиттик уюмдар жашыл каржылоонун продукттарын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда Таксономиянын маалымдама таблицаларын жетекчиликке ала алышат (10-глава). Таксономиянын критерийлерин колдонуу жашыл каржылоонун продукттарын киргизүүдө шайкештикке идентификациялоо процесстерин жөнөкөйлөтүүнүн эсебинен операциялык чыгымдарды кыскартууга мүмкүндүк берет.

15. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарын ишке ашыруу үчүн Таксономиянын маалымдама таблицаларын жетекчиликке алуусу керек (10-глава).

16. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын стратегиялык артыкчылыктары менен өзүнүн ишин макулдашуу үчүн Таксономиянын маалымдама таблицаларын жетекчиликке алууга тийиш (10-глава).

## 5-глава. Таксономиянын башка өлкөлөрдүн жана уюмдардын таксономиялары менен колдонулуу принциптери

17. Кыргыз Республикасынын аймагында экономикалык ишти жүргүзгөн уюмдар жана инвесторлор өзүнүн башкы уюму катталган юридикалык орду боюнча колдонулуп жаткан таксономия боюнча отчет берүүсү зарыл, башкы уюмдун отчеттуулук таксономиясы

менен Таксономиянын колдонулушун камсыз кылуу үчүн төмөнкү эрежелерди колдонуу керек[1]:

1) Таксономияда көрсөтүлгөн талаптардан айырмаланган кандай болбосун иштин түрлөрү жана продукциялар, критерийлер үчүн Кыргыз Республикасынын аймагында иштин контекстинде “жашыл”, “климаттык” жана “төмөн көмүртектүү” деген терминдерди колдонууга тыюу салынат. Талап Таксономиянын талаптары күчүнө киргенден кийин демилгеленген ишке жайылтылат жана Таксономияда көрсөтүлгөн товарлардын жана экономикалык иштин ошол категориясына гана жайылтылат. “Жашыл” терминин колдонууга тыюу салуу дени сак адамдын түшүнүгүндө иш жүзүндө түсү жашыл түскө тоналдык жакын товарларга карата жайылтылбайт;

2) ички отчеттуулук жана/же кредитордун (инвестордун) талабы боюнча банктар жана банктык эмес жана адистештирилген финансы-кредиттик уюмдар өзүнүн таксономиясын же башка өлкөлөрдүн же уюмдардын таксономиясын колдоно алат, Таксономияда жок категориялар, зарыл болгон категориялары бар болгон башка таксономияларды пайдалануу менен колдонулушу мүмкүн. Мында Кыргыз Республикасынын аймагында түзүлгөн “жашыл”, “климаттык” жана “төмөн көмүртектүү” портфель тууралуу маалыматтарды басып чыгарууга жана жайылтууга тыюу салынат, эгерде портфель колдонуудагы Таксономиянын талаптарына жана критерийлерине шайкеш келбесе;

3) эгерде продукция Таксономиянын технологиясына же функционалдык тобуна таандык болсо жана башка таксономиядан окшоштук тапса жана ошону менен бирге башка таксономияда шайкештиктин кыйла катаал критерийлери колдонулса, башка таксономиядагы шайкештиктин кыйла катаал критерийлерин колдонуу зарыл;

4) Таксономияда жок категориялар, зарыл болгон категориялары бар болгон башка таксономияларды колдонуу менен колдонулушу мүмкүн. Мында аларды бүтүн колдонуу үчүн жалпы талаптар жок болсо, ар кандай таксономиялардын ылайыктуу категорияларын тандоого тыюу салынат;

5) эгерде технология же функционалдык топ Таксономиянын колдонуудагы категорияларында жок болсо, башка таксономиялардын окшош категориясынын технологияларын же функционалдык тобун колдонууга тыюу салынат.

18. Таксономиянын пилоттук режими колдонулган мезгилде “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы” ААК аркылуу (анын ичинде финансы-кредиттик уюмдар аркылуу)

[1] Мисалы, башкы компания Нидерланд Королдугунда катталган жана Европа Бирлигинин таксономиясына ылайык отчет бериши керек.

каржылоо үчүн “жашыл”, “климаттык” жана “төмөн көмүртектүү” терминдерин жайылтуу, эгерде каржылоо “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы” ААКтын ички таксономиясына ылайык келсе, бирок Таксономияга түздөн-түз карама-каршы келбеген учурларда гана колдонулушу мүмкүн. Карама-каршылыктар келип чыккан учурда Кыргыз Республикасынын жашыл экономика чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы “жашыл”, “климаттык” жана “төмөн көмүртектүү” терминдерине шайкештиги жөнүндө акыркы чечимди кабыл алууга укуктуу.

19. Көз карандысыз баалоочунун пикирин түзүүдө баалоочулар жогоруда саналган талаптарды эске алуусу керек.

## 6-глава. Таксономиянын түзүмү

20. Категориялардын, технологиялардын, функционалдык топтордун жана компоненттердин аталыштары. Таксономияда категорияларды аныктоого илимий жана юридикалык мамиле колдонулат, ошондуктан колдонуучу жазуу формасын эске албай кабыл алуунун ордуна аныктоонун маңызын түшүнүшү керек[2]. Төмөнкүдөй мисалды карайлы: Таксономиянын таблицаларында “Фото сезгич жарым өткөргүчтөрдүн негизинде күн энергиясын электр энергиясына айландыруу” аныктамасы колдонулат, бул “Энергиянын кайра жаралуучу булактары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында колдонулган “күн орнотмосу” аныктамасынан мааниси бирдей жүктү көтөрөт жана эл аралык практикада колдонулган “күн генерациясы” же “photovoltaic solar” терминдери бирдей мааниге ээ. Таксономиянын колдонуучулары Таксономиядагы категориялардын, технологиялардын жана функционалдык топтордун жана компоненттердин аныктамаларынын маанисин эске алышы керек. Шайкештикке же эквиваленттүүлүккө аныктоо катары жазуу формаларына өзгөчө байланыштыруудан алыс болуу керек. Тараптардын ортосунда карама-каршылыктар болгон учурда Таксономияга шайкештиги жөнүндө акыркы чечимди экономикалык саясатты иштеп чыгууга жана жашыл экономиканы өнүктүрүүгө жооптуу ыйгарым укуктуу орган чыгарат.

21. ЭИМК жана NACE 2.1 коддору. Бул коддор колдонуучуларга Таксономиянын критерийлеринин экономикалык иштин түрлөрүнө же шайкештик принциби боюнча, же эгерде код иштин түрлөрүнүн кеңири спектрине жайылтылса кошумча талаптарды канааттандыргандан кийин шайкештигин аныктоого

[2] Бажылык классификациялардын аныктоо контексинде маанилүү (https://eec.eaeunion.org/comission/department/dep_tamoj_zak/klassifikatsiya-tovarov-v-sootvetstvii-s-tn-ved-eaes/) жана экономикалык иштин коддоруна шайкештигин аныктоо (https://cbd.minjust.gov.kg/94011/edition/1253103/ru?anchor=pr)

мүмкүндүк берет. Таксономиянын талаптарына шайкеш келген экономикалык ишти гана камтыган коддор кара шрифт менен белгиленет.

22. ПМСК 3 (CPA 2.1) жана ПМСК 4 (CPA 2.2) коддору. Бул коддор шайкештикти кыйла так аныктоо үчүн ЭИМК жана NACE боюнча экономикалык иштин коддолушун деталдаштырат. ПМСК 4 коддору – бул CPA 2.2 негизинде маалымдаманын жаңы редакциясын түзүү үчүн сунуштамалар, анда тийиштүү Таксономиянын иши үчүн гана уникалдуу коддор болот. Таксономиянын талаптарына шайкеш келген гана экономикалык ишти камтыган коддор кара шрифт менен белгиленет.

23. ТЭИ ТН жана CN EU коддору. Бул коддор колдонуучуларга товарлардын жана жабдуулардын Таксономиянын критерийлерине же шайкештик принциби боюнча, же эгерде код товарлардын (жабдуулардын) кеңири спектрине жайылтылса, кошумча талаптар канааттандырылгандан кийин шайкештигин аныктоого мүмкүндүк берет. Таксономияга шайкеш келген товарларга гана жайылтылган коддор кара шрифт менен белгиленет.

24. Критерийлер жана тактоолор шайкештик параметрлерине көңүл бурууга мүмкүндүк берет. Таксономиянын талаптарын канааттандыруу үчүн иш/технологиялар же товарлар/жабдуулар көрсөтүлгөн ченемдерге так шайкеш келиш керек.

## 7-глава. Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди башкаруу

25. Таксономиянын талаптарына жооп берген долбоорлор жана экономикалык иш экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди контролдоого тийиш. Тобокелдиктер биринчи кезекте долбоордун иштеп чыгуучулары же акыркы бенефициарлары тарабынан контролдонот жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан жөнгө салынган банктарды жана банктык эмес финансылык уюмдарды кошпогондо, бул долбоорго каржылоону берүүчү уюмдар тарабынан шайкештиги текшерилет. Экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди контролдоо минимум катары Таксономияга ылайык бүтүндөй иш үчүн экология, жаратылыш ресурстарын коргоо, өнөр жай коопсуздугу жана эмгек мамилелери жаатында Кыргыз Республикасынын бардык колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына шайкештигин билдирет. Бул талап “зыяндын алдын алуу” принцибин канааттандыруу үчүн зарыл болуп саналат. Буга кошумча, бардык ири долбоорлор жөнгө салуучу органдын талаптарына ылайык экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди контролдошу керек (болгон учурда), ал эми жок болгон учурда эл аралык стандарттарды жетекчиликке алат. Ири долбоорлордун

түшүнүгү 10-главанын “долбоордун параметри” колонкасында деталдаштырылат.

Банктар, банктык эмес жана адистештирилген финансы-кредиттик уюмдар жашыл ишти жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди башкаруу боюнча талаптарын жана сунуштамаларын жетекчиликке алуусу керек.

## 8-глава. Шайкештикти баалоо

26. Таксономияга шайкеш келүү үчүн иш/технологиялар же жабдуулар/товарлар логикалык жактан учурдагы категорияга, технологияга, функционалдык топко жана компонентке туура келиши керек жана долбоордун критерийлеринде, тактоолорунда жана параметрлеринде көрсөтүлгөн талаптарды канааттандырышы керек.

27. ЭИМК, ПМСК, же ТЭИ ТН кодун ыйгаруу критерийлерине жана долбоордун критерийлеринде, тактоолорунда жана параметрлеринде көрсөтүлгөн талаптарга шайкеш келүү Таксономияга шайкеш келүү үчүн жетиштүү.

28. Жашыл каржылоонун максаттарына шайкеш келүү үчүн учурдагы категорияга, технологияга, функционалдык топко жана компонентке туура келүү жана долбоордун критерийлеринде, тактоолорунда жана параметрлеринде көрсөтүлгөн талаптарды канааттандыруу жетиштүү. ЭИМК, ПМСК, ТЭИ ТН коддору шайкештик процессин автоматташтырууга көмөктөшөт.

29. Баалоочуларга жана шайкештик документтерине талаптар бекитилгенге чейин баалоо колдонуучулар тарабынан колдонуучунун белгиленген ички жол-жоболоруна ылайык өз алдынча жүргүзүлөт, ал эми шайкештик документи ушул главанын жогоруда белгиленген эрежелеринин негизинде жүргүзүлөт.

## 9-глава. Фискалдык өбөлгөлөр

30. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 38-главасы КНСтин нөлдүк ставкасы менен берилиши мүмкүн болгон товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмегин аныктайт. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 284-беренеси жана 297-беренесинин 22-пункту Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын контекстинде энергия жана ресурстук натыйжалуулук талаптарына жооп берүүчү технологиялардын, жабдуулардын жана анын комплекттөөчүлөрдүн тизмегин аныктоону талап кылат. Таксономия Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине көрсөтүлгөн талаптарды аткарууга мүмкүндүк берет.

31. Таксономия менен жогоруда аталган талаптарды ишке ашыруунун төмөнкүдөй механизмдери каралган:

1) чет элдик товарды Кыргыз Республикасынын бажы чек арасынан өтүүдө КНС төлөмдөрүнөн бошотуу (КНСти кайтаруу механизмин колдонбостон). Ушул механизм ТЭИ ТН эксклюзивдүү коду менен сыпатталган жабдууларга/товарларга жайылтылат. Таксономиянын талаптарын канааттандырган, бирок товарлардын бир кыйла кеңири спектрин камтыган жана фискалдык преференцияларды караган кодго кирген товарлар/жабдуулар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы жетекчиликке ала турган зарыл маалымдамалар жана нускамалар белгиленген тартипте бекитилгенден кийин бошотууну талап кыла алат;

2) Таксономияга шайкеш келүү жана фискалдык преференцияларды караган категориянын негизинде Кыргыз Республикасынын бажы аймагында турган технологияны (кызмат көрсөтүүнү) же жабдууну (товарды) жеткирүүнү КНС төлөөдөн бошотуу. Иши ЭИМК коду жана ПМСК коду менен эксклюзивдүү жабылган жана фискалдык преференциялар каралган ишкердик субъекттери Таксономия белгиленген тартипте бекитилгенден кийин КНС төлөөдөн бошотууну талап кыла алат;

3) эгерде тийиштүү ЭИМК коду жана ПМСК коду жашыл иш камтылган иштердин кеңири спектрин жаба алса, ишкердик субъекттери фискалдык преференцияларды Таксономиянын талаптарын аткарууну камсыз кылуу максатында ПМСК (товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн) жеткире иштелип чыккандан кийин жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы үчүн зарыл нускамалар бекитилгенден кийин гана талап кыла алат;

4) иштин бир нече түрү менен алектенген уюмдар, мунун бир бөлүгү Таксономияга шайкеш келсе, преференцияларды алууну талап кыла алат, эгерде мындайлар Таксономияга шайкеш келген иш үчүн гана каралса.

32. Таксономияны колдонуу менен фискалдык жөнгө салуунун негизги максаты акыркы керектөөчүлөр үчүн товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларын КНСтен (12 %) бошотуу суммасына төмөндөтүү болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети акыркы керектөөчүгө чейин жеткирүүлөрдүн чынжырчасында КНСтин суммасын ашыкча пайда түрүндө ишкердик субъекттеринин менчиктеп алуу фактыларын аныктоо үчүн рынокко финансылык мониторинг жүргүзүү жол-жобосун түзүү зарылдыгын белгилейт. Мындай фактылар аныкталган учурда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы текшерүүлөрдү жүргүзүүсү зарыл жана мындай

фактылар тастыкталса, ишкердик субъектинен (субъекттеринен) КНСке барабар сумманы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына ылайык туумдарды өндүрүүсү зарыл.

33. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 191-беренесинин 7.2-пунктуна ылайык КНСтен бошотуудан тышкары, баалуу кагаздар боюнча, анын ичинде Кыргыз фондулук биржасынын листингинде турган жашыл облигациялар боюнча инвесторлорду киреше салыгынан бошотуу каралган.

# 10-глава. Шайкештик критерийлер – Тармактар боюнча аныктамалык таблицалар

| № | Катего-рия | Техно-логия | Функция-лык топ | Компонент | ЭИМК | NACE 2.1 | ПМСК 3 | ПМСК 4 (CPA 2.2.) | ТЭИ ТН | EU CN Code | Критерий | Тактоо-лор | Дол-боор-дун пара-метр-лери |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | **Энергетика** | | | | | | | |
| 1 | Кайра жара-луучу энерге-тика | Күн энергия-сын электр энергия-сына айлан-дыруу | Изилдөө/ долбоор-лоо/ долбоор-лорду башкаруу/ сыноолор | Күн электр станцияларын (КЭС) куруу жана эксплуатация-лоого киргизүү үчүн курулуштук, конструктор-дук жана долбоордук документтерди түзүү үчүн зарыл болгон инженердик изилдөөлөр, долбоорлоо, долбоорлорду башкаруу, инженердик иштеп чыгуулар, эксплуатация-лоого киргизүү жана башка кызмат көрсөтүүлөр | MA71.12 | N71.12 | MA71.12.13 | **N71.12.13.100** | | | КЭСке гана тиешелүү иш | | |
| | | Күн энергия-сын электр | Курулуш | КЭСти куруу үчүн курулуш кызмат көрсөтүүлөрү | F42.22 | F42.22 | F42.22.13; F42.22.12; F42.22.22; F42.22.23 | **F42.22.12.100; F42.22.13.100; F42.22.22.100; F42.22.23.100** | | | КЭСке гана тиешелүү иш | КЭСти куруу долбоору-нун | Белги-ленген кубат-туулугу |

| | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | энергия-сына айлан-дыруу | | | | | | | | | | | алкагында төмөндө көрсөтүл-гөн товардык топторго кирбеген товарлар-ды сатып алууда КНС төлөө, бул товарлар уруксат берүүчү документ-терди алууда долбоор-дун сметалык наркына киргизил-ген учурда башка салыктар-ды төлөөдө өз ара чегерүү методу менен кайтарып берилиши мүмкүн | 1 МВт ашпаган долбоор-лор үчүн эколо-гиялык жана социал-дык тобокел-диктер-ди контрол-доо |
| | | Күн энергия-сын электр энергия-сына | Эксплуа-тациялоо | КЭСти эксплуатация-лоо | D35.11.9 | D35.12 | D35.11.10.600 | **D35.12.00.100** | | | | КЭСке гана тиешелүү иш | | Белги-ленген кубат-туулугу 1 МВт ашпаган |

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | айлан-дыруу | | | | | | | | | | | долбоор-лор үчүн эколо-гиялык жана социал-дык тобокел-диктер-ди контрол-доо |
| | | Фото сезгич жарым өткөр-гүчтөр-дүн негизин-де күн энергия-сын электр энергия-сына айлан-дыруу | Өндүрүш/ импорт | Фотоэлектрдик панелдер | С26.11 | С26.11 | С26.11.22.400 | **С26.11.22.420** | 8541430000 | 85 41 43 | СЕ менен маркиров-калоого мүмкүндүк берүүчү техникалык стандарт-тарга шайкештик же модулдар-дын операция-лык стандарт-тарын жапкан EN, UL, CSA, BSI, EAC, IEC стандарт-тарынын кайсы бири боюнча сертифи-каттоо. 2011/65/EU Директива-сына | Панелдер-ди өндүрүү-чүлөр эмгекке мажбур-лоого байла-ныштуу чектөө-лөргө дуушар болгон фирмалар-дын тизмесин-де болбошу керек | |

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | ылайык RoHS талаптарын канааттандырган документтердин болушу | | |
| | | Фото сезгич жарым өткөргүчтөрдүн негизинде күн энергиясын электр энергиясына айландыруу | Өндүрүш/импорт | Фото электр элементтери | C26.11 | C26.11 | C26.11.22.400 | **C26.11.22.410** | 8541420000 | 85 41 42 | КЭР модулдарын сорттоонун жалпы эрежелерине ылайык EN 50461 же эквиваленттүү стандартка же А жана Б сапат категорияларына ылайык маркалоо | Элементтерди өндүрүүчүлөр эмгекке мажбурлоого байланыштуу чектөөлөргө дуушар болгон фирмалардын тизмесинде болбошу керек | |
| | | Күн энергиясын электр энергиясына айландыруу | Өндүрүш/импорт | Инверторлор | C27.11 | C27.11.50.500 | C27.11.50.500 | **8504408500; 8504408700; 8504405500** | 85 04 40 85 90;5 04 40 86 90;85 04 40 60 | | CE менен маркировкалоого мүмкүндүк берүүчү техникалык стандарттарга шайкештик же модулдардын операциялык | КЭС үчүн инвертор катары максаттуу багытынын шайкештигинин тийиштүү маркалоосу түздөн-түз буюмга, анын | |

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | стандарттарын жапкан EN, UL, CSA, BSI, EAC, IEC стандарттарынын кайсы бири боюнча сертификаттоо. 2011/65/EU Директивасына ылайык RoHS талаптарын канааттандырган документтердин болушу | техникалык паспортуна же буюмду же болбосо буюмдун партиясын коштогон башка документтере түшүрүлгөн маркалоонун негизинде ырасталат. Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүүдө – сериялык өндүрүштү камсыз кылуу үчүн зарыл болгон ченемдик-техникалык документтер менен ырасталат | |

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Фото сезгич жарым өткөр-гүчтөр-дүн негизин-де күн энергия-сын электр энергия-сына айлан-дыруу | Өндүрүш/ импорт | Кабельдик-өткөргүч продукция | C27.32 | C27.32 | C27.32.14 | **C27.32.14.100** | 8544601000; 8544499108 | 85 44 60 10 10; 85 44 60 10; 85 44 49 91 | Озонго жана ультракө-гүш нурланууга изоляция-нын туруктуу-лугун тастыктаган кабельдик-өткөргүч продукция-нын эквивалент-түү стандартта-ры жана EN (EN 50618), UL (UL 4703), IEC стандартта-рынын кайсы бири боюнча сертификат-тоо же CE маркалоо-сун түшүрүүгө мүмкүндүк берүүчү техникалык стандарт-тарга шайкешти-ги. 2011/65/EU Директива-сына ылайык | | |

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | RoHS сертификатынын милдеттүү болушу | | |
| | | Күн энергиясын электр энергиясына айландыруу | Өндүрүш/импорт | Электр энергиясынын эки багыттагы эсептегичтер | С26.51 | С26.51 | С26.51.63.700 | **С26.51.63.710** | | 90 28 30 11; 90 28 30 19 | Эсептегичтин коопсуздугун, функционалын жана тактыгын камтыган EN, UL, CSA, BSI, МАМСТ, EAC, IEC стандарттарынын кайсы бири боюнча сертификаттоо же CE маркалоосун түшүрүүгө мүмкүндүк берүүчү техникалык стандарттарга шайкештиги. 2011/65/EU Директивасына ылайык RoHS талаптарын канааттандырган | Эсептегичтин максаттуу багытынын шайкештигинин тийиштүү маркалоосу түздөн-түз буюмга, анын техникалык паспортуна же буюмду же болбосо буюмдун партиясын коштогон башка документтере түшүрүлгөн маркалоонун негизинде ырасталат. Кыргыз Республикасынын аймагын- | |

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | документ-тердин болушу | да өндүрүүдө – сериялык өндүрүш-тү камсыз кылуу үчүн зарыл болгон ченемдик-техника-лык документ-тер менен ырасталат | |
| | | Күн энергия-сын электр энергия-сына айлан-дыруу | Электр монтаж-доо кызматта-ры | КЭСти имараттарга монтаждоо | F43.21 | F43.21 | F43.21.10.900 | **F43.21.10.910** | | | | | |
| | | Күн энергия-сын күзгү концен-тратор-лорунун негизин-де электр энергия-сына айлан-дыруу | Өндүрүш/ импорт | Күн концентратор-лору | C26.70 | C26.70 | C26.70.21.500; C26.70.21.530; C26.70.21.550; | **C26.70.21.510** | 7009920000 | 70 09 92 | Визуалдык баалоо методунун критерийи-не шайкештик же коштомо техникалык же товардык документ-тердин негизинде. Буюмдун конструк-циясында оор | | |

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | металлдардын жана туруктуу органикалык булгагычтардын жоктугу тууралуу тастыктоочу документтердин болушу. Конструкцияда электр жабдуулары болгон учурда 2011/65/EU Директивасына ылайык RoHS талаптарын канааттандырган документтердин болушу | | |
| | | Күн энергиясын электр энергиясына айландыруу | Дүң соода | КЭС үчүн товардык номенклатура | G46.69 | G46.64 | G46.69.15 | **G46.64.08.100** | | | Товардык номенклатура технология боюнча жогоруда көрсөтүлгөн позицияларга шайкеш | | |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | келиши керек | | |
| | | Күн энергия-сын электр энергия-сына айлан-дыруу | Чекене соода | КЭС үчүн товардык номенклатура | G47.54 | G47.54 | G47.54.10 | **G47.54.00.100** | | | Товардык номенкла-тура технология боюнча жогоруда көрсөтүл-гөн позицияляр-га шайкеш келиши керек | | |
| | | Күн энергия-сын электр энергия-сына же жылуу-лукка айлан-дыруу | Лизинг | КЭС же күн жылуулук системаларын, ошондой эле КЭСтин өзүн, күн жылуулук системаларын же алардын бөлүктөрүн долбоорлоо, эксплуатация-лоо же тейлөө үчүн лизинг жабдуулары | N77.22; N77.39 | O77.22; O77.39 | N77.29.19; N77.39.19 | **O77.39.09.100** | | | КЭСке же күн жылуулук системала-рына гана тийиштүү иш | | |
| | | Күн энергия-сын жылуу-лукка айлан-дыруу | Өндүрүш/ импорт | Күн коллекторлору | C28.21 | C28.21 | | **28.21.17.100** | 8419120000 | 84 19 12 | Визуалдык баалоо методунун критерийи-не шайкештик же коштомо техникалык же товардык документ-тердин негизинде. | | |

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | Буюмдун конструкциясында оор металлдардын жана туруктуу органикалык булгагычтардын жоктугу тууралуу тастыктоочу документтердин болушу. Конструкцияда электр жабдуулары болгон учурда 2011/65/EU Директивасына ылайык RoHS талаптарын канааттандырган документтердин болушу | | |
